MANAS Sosyal Araştırmalar Dergisi 2017 Cilt: 6 Sayı: 4
MANAS Journal of Social Studies 2017 Vol.: 6 No: 4

# АБУ МАНСУР АЛЬ- МАТУРИДИНИН АХЛИ КИТЕП БОЮНЧА КӨЗ КАРАШЫ

**Докт. Бакыт МУРЗАРАИМОВ**
Кыргыз – Түрк Манас университети, Теология факультети
*murzaraim@mail.ru*

**Кыскача мазмун**

Улуу ислам аалымдарынан болгон абу Мансур аль –Матуриди тавхид акыйдасын алдыга чыгаруу максатында чоң кадам жасап, ага зыян келтирген ички жана тышкы терс таасирлерден жок кылганга аракет жасаган. Бул маселеде ал, Ислам дининин тавхид акыйдасын акылга жана логикага эң ылайык экендигин айтып, кез –кези менен башка диндердин кудай түшүнүгүнсынга алып келген. Ал өзүнүн «Китабу Тавхид» атту эмгегинде Христиан дининин Аз. Исага байланыштуу айткан кудай жөнүндөгү ишенимин акыл жана логиканын усулу менен сынга алган. Ал бул маселени эмгегинин «Пайгамбарлык» бөлүмүндө баяндаган. Матуриди бул бөлүмдө Аз. Мухаммед (а.с.) пайгамбар экенин талкуулоо менен биргеликте Христиандардын Аз. Исанын табияты боюнча айткан көз караштарын жокко чыгарган. Аз. Исаны кудайдын уулу деген Христиандарды сынга алган имам матуриди, Христиандарды бир нече топко бөлүп караган. Алардын бири Аз. Исанын инсандык деп аталган «насути» сыпатка жана теңирдик деп аталган «лахути» сыпатка ээ болуп, үч кудай делген Ата, Уул жана Ыйык Рух кудайдын бир бөлүгү деп айткан топ. Экинчиси болсо. Теңирден бир бөлүк эмес. Масихтеги рухтун теңирдин өзү деп айткан топ.

**Ачкыч сөздөр:** Ахли китеп, Аз. Иса, Нубувват, Тавхид, Христиан.

### MATURİDİNİN EHLİ KİTABA BAKIŞI

**Öz**

Büyük İslam alimi Ebu Mansur el - Maturidi İslam'ın tevhid akidesini öne çıkarma konusunda önemli adımlar atarak, tevhid akidesini zedeleyen olumsuz iç ve dış etkenleri bertaraf etmeye çalışmıştır. Bu konuda İslam'ın tevhid akidesinin akla ve mantığa en uygun olduğunu belirterek, zaman zaman diğer dinlerin tanrı hakkındaki görüşlerini eleştirmiştir. Maturidi "Kitabu Tevhidinde" özellikle Hristiyanlığın Hz. İsa'ya atfettikleri ilahlık hakkındaki yanlış inançlarını akıl ve mantık kuralları çerçevesinde çürütmüştür. Maturidi bu konuyu "Nübüvvet" bölümünde ele almıştır. Bu bölümde Maturidi Hz. Muhammedin peygamberliğini ele almakta ve nübüvveti reddeden görüşleri ve Hristiyanların İsa'nın tabiatı hakkındaki görüşlerini eleştiriye tabi tutmuştur.

**Anahtar kelimeler:** Ehli Kitap, Hz. İsa, Nübüvvet, Tevhid, Hıristiyan.

## Киришүү

Матуридинин Ахли китепке болгон көз карашы деген макалабызда, Матуридинин Ахли китеп жана Ахли китеп болуп эсептелген Жөөттөр менен Христиандардын диний ишенимдерине карата айткан көз караштарын талдаганга аракет жасадык. Бул боюнча Имам Матуридинин эң негизги эмгектери болуп эсептелген «*Тевилатул Куран*» жана «*Китабу Тавхид*» аттуу китептери негизги булак катары каралды.

ISSN: 1624-7215

Бул макалабызда Матуридинин Жөөттөрдүн жана Христиандардын айрым бир ишенимдерине карата айтылган сын пикирлери чагылдырылды. Айрыкча Жөөттөрдүн Кудай түшүнүгү, Кудайга уул таңуулашы, музоого сыйынуулары жана Жөөт дин аалымдарына карата айткан сын пикирлери, ошондой эле, Христиандардын Иса пайгамбар жана Ыйык Рух боюнча айткан ишенимдерине болгон көз карашы иликтенди.

## 1. «Ахли китеп» түшүнүгү

Арабча «а-х-л» сөзүнөн келип чыккан «*ахл*» же «*ахли*» сөзү кыргызча которгондо эл, калк, журт жана коом деген маанилерге келет. «Ахли китеп» дегенде диний мааниде Алла Таала тарабынан пайгамбарлар аркылуу ыйык китептер берилген коомдор түшүнүлөт. Бул боюнча Муса пайгамбарга аркылуу Тоорат китеби берилген Жөөт калкы жана Иса пайгамбар аркылуу Инжил берилген, кийинчерээк Христиандар деп аталып калган коом «*ахли китеп*» же «*китеп ээлери*» деп аталат.

Кураны Каримде бир нече аятта «*Ахли китеп*» сөзү аркылуу Жөөттөр менен Христиандар айтылгандыгы маалым. Мисалы Кураны Каримде «*Китеп берилгендер*»[1], «*биз китеп бергендер*»[2] «*Китептен бир үлүш берилгендер*»[3] деп атуу менен Жөөттөр жана Христиандар түшүндүрүлгөн. Мындан тышкары «*ахли зикр*» жана «*ахли илим*» деген сөздөр да Жөөттөр менен Христиандар түшүндүрүлгөн. Бирок Ахли зикр жана ахли илим делгенде Тооарат менен Инжилдин алгачкы учурдагы өзгөрбөгөн негизги нускана баш ийип амал кылган дин аалымдары аталган.

## 2. Имам Матуридинин «Ахли китеп» түшүнүгү

Матуридинин көз карашы боюнча Ахли китепке, башкача айтканда китеп ээлерине жөөттөр менен христиан динин тутунгандар гана кирет. Анын ою боюнча Мажусилер кээ бир маселелерде ахли китеп менен бирге айтылса да негизинде алар ахли китепке киришпейт. Матуриди буга Кураны Каримдеги: «*Эй! Китеп берилгендер, колуңардагы китепти тастыктаган бул китепке (Курангa) ыйман келтиргиле*.» деген аятты мисал келтирип, бул Мажисилердин ахли китептин тышында калгандыгын айтат.[4] Сабилер боюнча айткан көз караштары боюнча ал, алардын жөөттөр менен мажусилердин ортосунда бир жерде экендигин айтып, периштелерге жана

[1] Бакара, 101.
[2] Бакара, 121, 146.
[3] Али Имран, 23; Ниса, 44.
[4] Mâtürîdî, *Ebû Mansûr Muhammed b. Mahmûd es-Semerkandî, Te'vîlâtü'l-Kur'ân,* (thk. Bekir Topaloğlu ve diğerleri), Mizan Yayınevi, İstanbul, 2005, III, 254.

жылдыздарга сыйынгандарына токтолот. Андыктан Сабилердин ахли китепке кирбей тургандыгына баса белгилейт.[5]

### 3. Ахли китепке болгон көз карашы

### а. Жөөттөрдүн Кудай ишеними боюнча Матуридинин көз карашы.

Матуриди боюнча Ахли китеп бардык нерсенин жаратуучусу катары Алла Тааланы кабыл алышканы менен, Алла Таалага жакындатат деген себептер менен айкелдерге сыйына баштаган. Башкалары болсо ибадат маселесинде Алла Таалага ширк келтиришкен. Айрыкча жөөттөр Алла Тааланы Муса пайгамбар аркылуу таанып турушса да текерберлигинин айынан Алла Таалага татыктуу ыйман келтиришкен эмес.[6] Алла Тааланы инсан келбетине орогон жөөттөр аны чыныгы мааниде тааный алышкан жок. Матуриди жөөттөрдүн бул ишенимин «марифатуллах» көз карашында токтолот.

Жөөттөрдүн ишениминде Кудай өзү жараткан адамдар сыяктуу бир ишти аткаргандан кийин эс алышы мүмкүн. Матуриди жөөттөрдүн китебиндеги Алла Тааланын: «Ай асманды алты күндө жараткандыгын жана алтынчы күнү чарчап эс алгандыгын айткан ишенимдерине[7] Кураны Каримдеги: «*Ал тынымсыз жаратуучу...*»[8] жана «*Ант болсун биз асманды жана жерди жана ал экөөнүн ортосундагыларды алты күндө жараттык жана бизге эч кандай чарчоо да болгон жок.*»[9] аяттары менен жокко чыгарат.

Тооратта Жөөттөр кудайды чарчады деп айтуу менен биргеликте түрдүү инсандык сыпаттарды таңуулашкан. Күндүн ысыгынан качып, салкын жерде сейилдеген адамдар сыяктуу Кудай да бакчада серүүндөп, сейил курат.[10] Яхудилер ишенген Кудай өзү жараткан адамдар менен күрөшүп, жеңилип калат. Тооратта Кудай Жакып пайгамбар менен таң атканча күрөшүп, жеңилип калганы айтылат.[11] Кудай Тооратта өзүнүн өтө кызганчаак жана бабалардын күнөөсүн урпактарына тарттырарын айтат.[12] Яхудилер ишенген Кудай адамдар сыяктуу кээде өзү кылган иштерине бушайман болот. Бушайман болгон зат ката кетириши да мүмкүн. Жаңылган жандуу эч качан Кудай боло албайт. Жаңылуу Кудайдын эмес, адамдардын сапаты. Кудай Тооратта: «Өз элине кыла турган жамандыгын айтканы үчүн бушайман болду..»[13] жана «Саулду падыша дайындаганыма

---

[5] Mâtürîdî, *Te'vîlâtü'l-Kur'ân,* I, 111, 147; IX, 355.
[6] Mâtürîdî, *Te'vîlâtü'l-Kur'ân,* I, 133.
[7] Тоорат, Жаратылыш, 2/ 2-3.
[8] Рахман,55/29.
[9] Каф, 50/38; Араф, 7/ 54.
[10] Тоорат, Жаратылыш, III / 8.
[11] Тоорат, Жаратылыш, XXXII / 24-27.
[12] Тоорат, Кайталоо, IV / 23-24; V / 8.
[13] Тоорат, Чыгыш, XXXII / 14.

бушайман болдум...»[14] деп айтат. Кудай бири-бири менен ажылдашкан, жөнү жок нерселерди ойлонгон жана падышалар менен Масихке (куткаруучу) каршы чыккан адамдарды жогорудан карап тамаша кылат жана аларды көрүп күлөт.[15] Тооратта Кудай адамдар сыяктуу уктайт жана ойгонот. Тооратта: «Ошондо Кудай адам сыяктуу уктап, шараптан бакырган жигит сыяктуу ойгонду»[16] деп айтылат. Тоораттын кээ бир бөлүмдөрүндө жогоруда аталгандарга кошумча Кудайдын унутчаак экени,[17] куйкум-күйүк жыттан ырахат алары,[18] улутчул экени[19] жана падыша сыяктуу экени айтылат. Яхудилердин Кудай түшүнүгү ар кандай өзгөрүүлөргө жана бузулууларга тушуккан.

Жогоруда айтылгандар боюнча Матуриди Жөөттөрдүн жалгыз кудайды тааныганы менен ага инсандык сыпаттарды таңуулоо аркылуу шир кылгандыгын айтат.[20]

Алла Таалага ишенүү боюнча Муса пайгамбарга ар кандай кыйынчылыктарды чыгарган жөөттөр, Муса пайгамбарга: «Биз ачыктан ачык Алла Тааланы көрмөйүнчө кудайга ишенбейбиз деп айтышты.» Kураны Каримда бул боюнча мындай делет: «*Эй! Муса, биз Алла Тааланы ачыктан ачык көрмөйүнчө кудайга ишенбейбиз деп айтышканда аларды чагылган урду*.»[21] Матуриди бул аят менен жөөттөргө жооп кылат. Алар бул сөздү айтуу менен өздөрүнүн текебердигин көрсөтүшкөн. Алардын бул сөзүндө жакшы ниеттин жок экендигин даана байкоого болот.[22]

**б. Жөөттөрдүн музоого сыйынышы**

Жөөт элинин музоого сыйынышы боюнча Kураны Каримдин Бакара сүрөөсүндө кеңири баяндалат. Матуриди жөөттөрдүн уйду курмандык чалуу боюнча Алла Тааладан келген буйрукту орундатуу боюнча пикирине да сын айтат. Анда жөөттөр буйрукту орундатуу учурунда «*Эгерде Алла Таала каалса биз туура жолдо болобуз*» деген сөздөрүн сабатсыздык деп баалап, Бул сабатсыздыктан Алла Таалага тообо келтирүү керектигин айтат.[23]

Матуриди мындан тышкары жөөттөрдүн уйга сыйынуу, дин кызматкерлерин «раб» деп айтуу, Исраил уулдарынын кызыл деңизден мужиза аркылуу өтүшү, деңизден өткөндөн кийин аялдардын зийнаттарынан уйдун айкелин жасап сыйынышы сыяктуу маселелерде да жөөттөрдү катуу сынга алат. Муса пайгамбар өзүнүн элин

[14] Тоорат, I. Самуел, XV / 10.
[15] Тоорат, Мазмурлар, II / 1-4.
[16] Тоорат, Мазмурлар, LXXIX / 65.
[17] Тоорат, Жаратылыш, XX / 29.
[18] Тоорат, Левиликтер, III / 5.
[19] Тоорат, Кайталоо, VII / 1-2; XX / 10-12.
[20] Mâtürîdî, *Te'vîlâtü'l-Kur'ân,* II, 324.
[21] Бакара, 55.
[22] Mâtürîdî, *Te'vîlâtü'l-Kur'ân,* I, 133.
[23] Mâtürîdî, *Te'vîlâtü'l-Kur'ân,* I, 157.

белгилүү бир убакытка калтырып, Тур тоосуна чыккан учурда аркада эли Самиринин сөзүнө кирип уйдан айкел жасап ага табына баштайт. Алла Таала бул окуяны Муса пайгамбарга билдирет. Муса пайгамбар буга абдан ачууланат. Тоодон кайтып келгенде коомуна карап: «*Эй! Калайык калкым, Раббибиз силерге жакшы нерселерде убада кылбады беле? Мага берген сөзүңөргө турбадыңар, же Жаратканды*н *азабына кабылууну кааладыңарбы*?[24] – деп ачууланат.

Бул окуя боюнча Матуриди, сүйлөй албаган жана өзүнө да пайда кыла албаган бир бутка сыйынуу менен жөөттөр акылсыздык жана жаратканга чоң акарат кылышкан болду деп түшүндүрөт.[25]

Матуридинин ою боюнча жөөттөрдүн бутпарастык түшүнүгү араб мушриктеринин бутпарастык түшүнүгүнө шайкеш болгон. Бирок жөөттөр Муса пайгамбардан Алла Таала менен өздөрүнүн ортосунда бир ортомчу талап кылышат. Алла Таала бул маселени Кураны Каримде мындайча баяндайт: «*Исраил уулдарын деңизден өткөрдүк. Алара ла жердле бутпарас бир коомго дуушар болушту. Исраил уулдары, эй Муса! Алардын өздөрүнүн теңирлери бар, сен да бизге бир теңир жаса*»*- деп айтышты. Анда Муса, шексиз силер сабатсыз бир коомсуңар. Шексиз күмөнсүз бул коом жок болууга дуушар болот. Алар жасап жаткан нерселердин баары камтык.*[26]

Матуриди жөөттөрдүн Муса пайгамбардан бут жасап берүүсүн талап кылышын мындайча иреттейт:

1. Исраил уулдары карапайым элдин падышаларга кызмат кылуулары сыяктуу бизда Кудайга кызмат кылышыбыз үчүн бизге буттан айкел жаса деп талап кылды. Бул маселеде жөөттөр түздөн түз Кудайды жана пайгамбарды четке какпаса да, кылган иштери араб мушриктерин эч кандай айырмаланбайт.

2. Исраил уулдарынын түшүнүгүнө караганда падышаларга же өкүмдарларга мукатаж болгон учурда же падыша буйрук кылган учурда гана кылынган болсо, алар, Алла Таалага да кызмат кылууну ушул сыяктуу иүшүнүшкө. Бул иштеринде алар, Алла Тааланын эч нерсеге муктаж эмес экендигин унутуп калышкан. Алар Кудай менен өздөрүнүн ортосунда бир ортомчу талап кылуу менен түздөн түз ширкке киришкен.

3. Исраил уулдары буттарга сыйынууну мурунку пайгамбарлардын буйругу катары кабыл алышып, Муса пайгамбардан да ошол нерсени талап кылышкан.[27]

---

[24] Таха, 20/86.
[25] Necmettin Öztürk, *Mâtürîdî'nin Kelam Sisteminde Ehl-İ Kitap Anlayışı*, Yüksek Lisans Tezi İstanbul, 2010, 27.
[26] Араф, 138-139
[27] Öztürk, 28.

**в. Алла Таалага уул таңуулашы**

Алла Таалага ар кандай инсандык сыпаттарды жалаа кылуу менен чектелбеген жөөттөр, Алла Тааланын уулу бар, анын баласы бар деп айтуудан кайткан эмес. Жөөттөр колдорундагы Тоорат китепти ар кандай өзгөртүүлөргө дуушар кылып, андагы буйруктарды да так аткарбастан Тоорат сандыгы менен кошо сүргүн жашоосунда ташып жүрүшкөн. Бир мезгилдерде ошол Тоорат китеби салынган сандыкты жоготуп алышат. Шарият жасоошуна катуу маани берген Жөөттөр ошол учурлары ар кандай диний баш аламандыктарга кабылышат. Мына ошондой мезгилде Алла Таала аларга Узайр пайгамбарды Жөөт элин кайрадан ыйман жолуна келтирүү үчүн жиберет. Узайр пайгамбар Алла Тааланын амири менен жана андан келген вахий аркылуу Жөөт элине кайрадан тоорат китебин тикелеп берет. Мына ушул кылган иши үчүн Жөөттөр Узайр пайгамбарды Кудайдын уулу деп айтышат. Кураны Каримде Жөөттөр: «*Жөөттөр Узайрды Кудайдын уулу дешти...*»[28] дегендиги баяндалат.

Бул түшүнүк бүт бардык кемчиликтерден узак болгон Алла Таалага эң чоң акарат болуп эсептелет. Алар бул ишенимдери менен чыныгы тавхиддин жолунан алыстады. Матуриди муну кыскача мындайча баяндайт: Жөөттөр Алла Таалага уулду болду деп айтуу менен Алла Тааланын чексиз кудуретине шек келтиришти. Ошондой эле логикалык жактан Алла Тааланын уулу бар деп айтуу, Алла Тааланын да өз уулу сыяктуу башка бир кудайдын  уулу экендиги түшүнүгү келип чыгат. Мындай учурда эзелдик сыпатка ээ болгон бир нече заттын болушу талашсыз.[29] Матуриди Узайр пайгамбарды кудайдын уулу деген Жөөттөр Мухаммед пайгамбарыбыз учурундагы Жөөттөр эмес ага чейинки Жөөттөр экендигин да белгилеп өтөт.[30]

Матуриди бул пикир боюнча жөөттөр менен христиандардын бирдей көз карашка ээ экендигин айтат. Алар Алла Тааланын чексиз кудуретин четке кагып ага уулду болду деп айтуу менен эле чектелбестен, өздөрүн эң туура жолдо экендигин айтышып, акыретте бейишке чыга тургандыгына да ишенишет.[31]

Матуриди диний ишенимдер боюнча жөөттөрдүн жана христиандардын дин аалымдарын, адамдарды өздөрүнө кулга айлантканга жана алардын мал мүлкүн жалган жолдор менен тартып алганга аракет кылдары үчүн, Кураны Каримдин сөзү менен «Сефихтер» деп атайт. Сефих сөзү адамдык сапатка ээ болбогон жана кылган иштеринде  эч кандай жакшы ниети болбогон кишилерге карата колдонулган сөз.

[28] Тообо, 30.
[29] Maturidi, *Kitabut –Tevhid,* (trc. Bekir Topaloğlu) İSAM Yay., İstambul 2014, 185.
[30] Mâtürîdî, *Te'vîlâtü'l-Kur'ân,* VI, 344-345.
[31] Mâtürîdî, *Te'vîlâtü'l-Kur'ân,* VI, 188-189.

Матуриди жөөттөрдүн жана христиандардын дин аалымдарына ушул сөздү колдонуу ылайык экендигин айтат. Бул боюнча Кураны Каримде да Ахли китеп аалымдарына «сефих»[32] деген сөздүн колдоноoруна токтолот.[33]

Матуридинин оюу боюнча Жөөттөрдүн дин аалымдары диндештеринин мусулман болуп кетүү коркуусунан улам, ыйык китептеги шарият мыйзамдарын бурмалоо аркылуу карапайым элдин мал мүлкүнөө ээлик кылганга аракет кылышкан. Ушул жол аркылуу адамдарды өздөрүнө кулга айлантууну каалап аларга кудай катары мамиле жасанга урунушкан.[34]

### 4. Христиандардын кудай ишенимине карата Матуридинин көз карашы.

#### а. Христиандардын кудай түшүнүгү

Христиан диндеги акыйда маселесинин так эместиги ар кандай талаш тартыштарга жол ачкан. Мунун натыйжасында христиандар тарых боюнча ар кандай агымдарга, жамааттарга жана мазхабтарга бөлүнүп келишкен. Христиан динин эң негизги көз карашы жана христиан динин негизги өзөгүн түзгөн «*Үчилтик»* (Үч Кудай, Троица) түшүнүгү дайыма талаш тартышмаларга жол ачып, мазхабтардын жана диндердин отросунда түрдүү көз караштарды жараткан. Түрдүү диндердин өкүлдөрү жана айрыкча Ислам аалымдары христиандардын бул ишенимине философиялык жана логикалык жактан түрдүү сын пикирлерди айтып келишкен.

Христиан дининин негизинде «*үч Кудай*» (тринита) түшүнүгү бар. Ага карабастан христиандар өздөрүн монотеист, башкача айтканда, бир Кудайга ишенгендер катары таанытышат. Христиандар кудайды үчөө деп айтуу менен чындыгында анын жалгыз экендигин айтабыз дешет. Бул жерде айтылган «үч» санын математикалык сандан сырткары түшүнүү керек дешет. Аныгында Инжилдердин эч жеринде «*үч бирдиктүү Кудай*» жөнүндө эч нерсе айтылбайт. Матфей Инжилинде гана «*үч бирдиктүү Кудай*» түшүнүгү көмүскө түрдө берилет. Анда: «*Баргыла да бүт элди Атасынын, Уулунун жана Ыйык Рухунун урматына чөмүлдүргүлө...*»[35] делинет. Байкалгандай эле бул сүйлөмдө Кудай үчөө делбейт. Ошондой эле Кудайдын үч бирдиктүү экендиги да түшүнүлбөйт. Үч бирдиктүү Кудай түшүнүгү азыркы христиандар айткан мааниде эң алгачкы жолу 180 – жылы Антакиялык Теофил тарабынан колдонулган. Үч кудай түшүнүгүндөгү негизги куйдайлар төмөндөгүлөр:

[32] Бакара, 13, 142.
[33] Mâtürîdî, *Te'vîlâtü'l-Kur'ân,* I, 38.
[34] Mâtürîdî, *Te'vîlâtü'l-Kur'ân,* VI, 351.
[35] Матфей, 28/19.

**Ата Кудай** – христиан ишениминде эң биринчи кудай. Ал Кудайлардын улуусу жана эң жогоркусу. Кемчиликсиз жана чексиз зат. Баардык нерселердин жаратуучусу жана ээси. Атага бүт дилиңди берип сыйынуу керек. Ага Ата деген атты Иса ыйгарган. Иса окуучуларына үйрөткөн дубасында: «*Асмандагы Атабыз! Сенин ысмың бийик болсун*!»[36] деп айтат. Бул ишеним боюнча Кудай асманда.

Христиан ишениминде бул Кудай Уул Кудай жана Ыйык Рух катары көрүнсө да, чындыгында ал бөлүнбөйт жана ал жалгыз. Христиандарда бул кудай «Сүйүү» деп да түшүнүлөт. Сүйүү Кудайын эч ким көргөн эмес. Бирок ал адамдарды өтө сүйгөндүктөн Иса келбетинде адамдарга көрүнгөн.

Бул ишеним азырга чейин христиандардын өздөрүнүн ортосунда талаш-тартыштарды жаратып келет. Христиан дининин негизги өзөгүн түзгөн «Кудай ишеними» кылымдар бою теологдор тарабынан логикалык жактан ар кандай сынга алынган. Алар бул сындоолорго каршы кээде бири-бирине карама-каршы келген аныктамаларды да беришкен.

**Уул Кудай** – Христиан дининдеги экинчи Кудай. Бул Кудайды Ата кудай жараткан. Ата Кудай төрөгөн жана төрөлгөн эмес. Бирок Уул кудай төрөлгөн. Инжилдерде Иса «Кудайдын уулу»[37], «Алланын уулу Масих»[38] деп айтылат. Мындан тышкары Иса Мариям уулу, Адам уулу, Алланын кулу, Масих, Рабб, Инсан уулу, Кудайдын сөзү деп да айтылат. Христиандардын 431 – жылындагы Эфес курултайында Мариям Кудайдын апасы, Кудайды төрөгөн жана Иса чыныгы Кудай деген чечим кабыл алынган. . Энеси инсан, атасы Кудай делинген Иса андыктан теңирдик жана инсандык эки табиятка ээ.Демек Иса да адам келбетиндеги Кудай. Сүйүү Кудай Иса кейпинде келип, эл арасында жашаган. Исага сыйынуу кудайга сыйынуу. Анткени ал Атанын заты менен бир. Христиан ишеними боюнча Иса чыныгы Кудай жана чыныгы инсан.

Христиандар Исанын Кудай экендигине төмөндөгү нерселерди мисал кылышат: «Иса сөз жана кыймыл-аракети менен Кудай сыяктуу мамиле кылды. Ал Кудайлыгы менен күнөөлөрдү кечирди. Өзүнүн Кудай экендигин кереметтери менен далилдеди. Мен жана атам бирбиз деди. Ушундан улам жөөттөр аны каапырлык менен күнөөлөп, ташбараңга алгысы келди. Понтий Пилаттын сотунда ишенимдүү түрдө «Мен Кудайдын уулумун» деп айтты. Ушул так жана таамай сөзүнөн улам аны айкашкан жыгачка асышты».

[36] Матфей, 6 / 9.
[37] Матфей, 3. 17.
[38] Марк, 3. 11.

**Ыйык Рух** – Христиан дининдеги үчүнчү Кудай. Ал 381 – жылы Стамбулда өткөрүлгөн курултайда Кудай деп кабыл алынган. Христиандар Ыйык Рухтун Ата кудай менен даражасы бир, бирок башкача түзүлүштө экендигин айтышат. Алардын оюнда Ата, Уул жана Ыйык Рухтун даражасы бир. Үчөө тең түбөлүктүү үч башка зат.

Ыйык Рух Иса чокунган учурда анын Кудай экенин  билдирүү үчүн көгүчкөн абалында ага конгон. Ыйык Рух да Алла сыяктуу баардык жерде бар. Бирок ал Христиан динине ишенген жана адам өлтүрүү сыяктуу чоң күнөөлөрдөн алыс адамдардын арасында гана болот. Ал дайыма жакшы ойлорду берет. Тообо жана дуба кылганды үйрөтөт. Анын символу – ак көгүчкөн. Ыйык Рух Атадан чыгат, Уулда сакталат жана Уулдан  адамдарга өтөт. Ата баардык иштерин Ыйык Рух аркылуу аткарат жана дайыма аны менен өзүнүн кудуретин көрсөтөт. Ошондуктан Ыйык Рух – бул, аткаруучу Кудай. Ал түз жүргөн жакшы кишилерге Пайгамбарлардын жана апостолдордун үндөрүн илхам кылат (сездирет). Чиркөөнү Алланын ниматы менен толтуруп, аны каталардан коргойт. Христиан growинде Ата жогорку, Иса Масих (Машайык) куткаруучу, ал эми Ыйык Рух кыймыл-аракетти жаратуучу Кудай болуп эсептелет.

**б. Матуридинин Христиандардын кудай түшүнүгүн сынга алышы**

Матуриди Китабут – Тавхид эмгегинде Христиан дининдеги Аз. Исага байланышкан көз караштарды сынга алат. Ал өз эмгегинде Аз. Исага байланышкан пикирлерин, *Пайгамбарлык* бөлүмүндө талкууга салат. Матуриди бул маселе боюнча келтирген мисалдарына караганда жөөттөрдүн Тоорат китеби жана Христиандардын Инжил китеби боюнча кеңири маалыматка ээ экендигин байкоого болот.

Матуриди пайгамбарлык көз карашы боюнча адамдарды эки категорияга бөлүп карайт. Алардын бири пайгамбарларды кабыл кылгандар жана  пайгамбарлдарды кабыл кылбагандар. Пайгамбарларды кабыл албагандарды өз ичинде дагы беш категорияга бөлөт. Алар, Алла Тааланы тангандар, Алла Тааланы кабыл кылышса да анын буйруктарын кабыл албагандар, Алла Тааланын буйруктарын кабыл алгандар, акылды жетиштүү деп кабыл алышып, пайгамбарлыкты жокко чыгаргандар. Калган эки категориядагылар пайгамбарларды кабыл эткени менен алардын мужизаларын кабыл кылбаганр. Алар пайгамбарлардын мужизаларын  адаттагы эле иш катары кабыл алышат.[39]

Адамдар пайгамбарларды кабыл кылуудан мурда Алла Таалага толук кандуу ишенүүлөрү керектигин айткан имам Матуриди Китабу Тавхидде мындай дейт: «Жаратканды жокко чыгаргандарды алгач анын бар экендигин далилдөөдөгө чакыруу

39 Kenan Gilgil, *İmam Maturidi Ve Nübüvvet Anlayışı*, Yüksek Lisans Tezi, Elaziğ 2008, 24.

керек. Анткени пайгамбарларга жана алардын мужизаларына ишенүү Алла Тааланын бар экендигине ишенүүгө байланыштуу. Алла Таалага ишенбеген кишилерге пайгамбарлардын жана алардын мужизаларынан кеп кылуу туура эмес. Алла Таалага ишенген кишилердин да пайгамбарлага каршы чыгуусу туура эмес.»[40]

Матуриди китебинин бул бөлүмүндө христиандардын Иса пайгамбар боюнча айткан «*инсандык*» жана «*теңирдик*» сыпатын түрдүү мисалдарды келтирүү менен жокко чыгарат. Ал, Аз. Исаны кудай жана кудайдын уулу деп айткан христиандардын бул түшүнүгүн, Исаны кудай жана кудайдын уулу кылган өзгөчөлүк эмне? деген суроону суроо менен жолго чыгат. Мындан кийин ал Аз. Иса пайгамбардын кылган иштерин жана өзүнүн пайгамбар экендигин далилдеш үчүн көрсөткөн мужизаларын кудайдын жардамы аркылуу көргөзгөндүгүн айтат. Мындай мужизаларды андан мурда келген пайгамбарлар да көрсөткөндүгүн айтып, ушундан улам пайгамбарларды кудай деп айтуу туура эмес экендигине токтолот[41].

Матуриди Иса пайгамбарды кудайдын уулу деп айтылышы менен кудайдын уулу деп ишенүүнүн ортосунда айырмачылыктар бар экендигине да токтолот. Бул айырмачыктар боюнча Исанын кудай же кудайдын уулу болушу мүмкүн эмес. Матуриди, атасы жок дүйнөгө келген Исаны алгачкы инсан Адам атанын абалында түшүнүү керектигин айтат. Ал буга Кураны Каримдеги: «*Шексиз түрдө Исанын абалы Адамдын абалы сыяктуу. Аны топурактан жаратты. Кийин ага, бол! деген буйрук берди. Ал, ошол замат болуп калды*»[42]- деген аятты мисал келтирет.

Матуриди Иса пайгамбарды кудай деп айткандарга карата акылга салып жөнөкөй бир суроо узатат. Эгрде Иса пайгамбар кудай боло турган болсо анда, мындай сыпатка эң ылайыктуу болгон жана Исадан мурда бул дүйнөгө келген энеси болмок эмеспи? Матуриди бул көз карашын «*алгач келген, кийин келгенден да татыктуу*» деген негизге таянып, «Исадан мурда Энеси кудай болуш керек болчу. Бирок алар, алгач Исанын кудай экендигин айтып жатышат»- деп сындайт.[43]

Матуриди Алла Таала тарабынан жиберилген диндин негизи бир экендигин айтып, бул динди бардык пайгамбарлар бирдей милдет аткаргандыгына токтолот. Бул боюнча азирети Иса пайгамбардын жашоосунан да мисалдар келтирет. Адамдар Иса пайгамбардын жашоосу боюнча кайчы пикирге кабылышкан. Анткени алар Исанын

---

[40] Maturidi, *Kitabut –Tevhid,* 222.
[41] Maturidi, *Kitabut –Tevhid*, 323.; Salime Leyla Gürkan, *Matüridi'nin Kitabü't-Tevhid'inde Hiristiyanlik Ve Teslis Eleştirisi*, Büyük Türk Bilgini Imam Matüridi V**e** Matüridilik Milletlerarası Tartışmalı İlmi Toplantısında sunulan tebliği, 22 - 24 Mayıs 2009 İstanbul. 3.
[42] Али имран, 59.
[43] Mâtürîdî, *Te'vîlâtü'l-Kur'ân,* IV, 118.

асманга кеткендиги же кетпегенди туурасында так маалыматка ээ эмес. Бирок Матуриди Иса пайгамбар жер жүзүнө экинчи жолу кайтып келгенде Мухаммед пайгамбарыбыздын жолунда кетээрин, Хасан Басри жана Ибн Масуд сыяктуу аалымдардын көз караштарына таянып айтат.[44]

Матуриди Инжилдерге таянып Аз. Исанын инсан катары туулгандыгын, чоңойгондугун жана башка адамдар сыяктуу эле жеп – ичип жашагандыгын, андыктан анын кудай катары кабыл алынбай тургандыгын айтат.[45] Исанын кудайдын уулу деген маселе боюнча, матуриди эң алгач ал жердеги сөздүн маанисине токтолууну туура көрөт. Аз. Исага «*Уул»* деген сыпаттын берилишинде «*Уул*» деген сөздү салыштырма маанисинде түшүнүү керектигине токтолот. Буга исламдагы Аз. Пайгамбарыбыздын аялдарын «момундардын энеси» деп айтылганын мисал келтирет. Ошондуктан христиандардын Аз. Исаны кудайдын уулу деп айтканын салыштырмалуу түрдө түшүнүү керек. Бирок христиандар бул маселени салыштырмалуу түрдө эмес, акыйкат түрүндө түшүнүп тавхид акыйдасынан алыстап кеткендигин айтат[46].

**в. Ыйык Рух боюнча көз карашы**

Мындан соң Имам Матуриди Китабут Тавхид эмгегинин ошол эле «Нубувват» бөлүмүндө Ата, Уул жана Ыйык Рух түрүндөгү үч кудай маселесин да сынга алат. Анда ал, эгерде, Ата, Уул жана Ыйык Рух үчөө тең зат жана сыпат жагынан бирдей болсо, анда, кайсыл өзгөчөлүктөрүнө карап аларга Ата, Уул жана Ыйык Рух деп айтылды? Башкача айтканда, эмне себептен Ата кудай деп айтылды? Эмне себептен Уул кудай деп айтылды, ошондой эле Ыйык Рух деп айтылды? Эмнеге карап алар бөлүндү? Алардын чеги кайсыл жерде?[47] деген суроону узатат.

Матуриди христиандардын кудай түшүнүгүн логикалык жактан түрдүү суроолорду туюнтканын, бирок, берилген жооптордун эч кандай акылга жана логикага туура келбестигин баса белгилейт.

**г. Пайгамбарлык түшүнүгү жана Исанын айкашкан жыгачка асылышы**

Бул маселеде христиандар Аз. Исанын табияты боюнча айткан көз караштарында карама каршылыктардын бар экендигине токтолот. Мисалы Аз. Иса элдерге көрсөткөн мужизалары менен кадыр баркка ээ болуп, элдин алдында улуу инсанга айланган болсо анда, ага душмандары тарабынан көрсөтүлгүн кордуктардын

[44] Gilgil, 84.
[45] Öztürk, 46.
[46] Maturidi, *Kitabut –Tevhid*, 321.
[47] Gürkan, 6.

жана крестке асылып өлтүрүлүүнүн натыйжасында шылдыңга кабылган деген маани чыгат.[48] Мындай карама каршылыктардын дагы бири, аз. Иса тирүү кезинде эч ким аны пайгамбар катары да тааныбаган болсо, өлгөндөн кийин же көккө көтөрүлгөндөн кийин баары аны кудай катары кабыл ала башташат.

Христиандардын эң негизги ишенимдеринин дагы бири Иса пайгамбардын айкашкан жыгачка асылып өлтүрүлүшү болуп эсептелет. Матуриди бул боюнча Христиандар Иса пайгамбарды айкашкан жыгачка асылып өлтүрүлдү деген көз карашы, Иса пайгамбардын улуулугуна эмес тескерисинче кудайдын абройунун кеткендигине далалат кылат. Башкача айтканда Христиандар Иса пайгамбарды айкашкан жыгачка асып өлтүрүлдү деп айтуу менен кудайга акарат кылышты.[49]

Имам Матуриди бул маселе боюнча христиандарды өздөрүнүн ичинде карама каршылыктуу ишенимге ээ экендигин айтат. Аз. Иса пайгамбардын көрсөткөн мужизаларын башка пайгамбарлар сыяктуу эле көрсөткөндүгүн, андыктан анын кудай экендигин айтуу туура эмес көз караш деп эсептейт. Эгерде андай болбогондо бардык пайгамбарларды кудай деп атоого туура келмек. Бул болсо тавхид акыйдасына ширк катары бааланмак деп көз карашын билдирет.

Ошондой эле ал, христиандардын Аз. Исаны кудайдын уулу деп айтууда, түздөн түз эмес сый урмат катары кароо керек деген көз караштары да жокко чыгарат. Анткени Ата менен Уулдук сыпат бир түрдүн ортосунда гана болушу мүмкүн. Жараткан менен жаратылгандын ортосунда мындай нерсенин болушу туура эмес. Мисалы биз инсан катары жаныбардын баласын сүйүктүү уулум деп айта албайбыз. Анткени жаныбар инсан түрү эмес. Ошондой эле Алла Таала Аз. Исаны «*сүйүктүү уулум*» деп айтышын туура кабыл алуу инсандык чектен чыккан болуп эсептелет[50].

**Корутунду**

Матуриди Ахли китеп боюнча көз карашында жөөттөр менен христиандардын ишеним негиздерин талдап чыгат. Анда алгач жөөттөрдүн кудай түшүнүгүн жана жөөттөрдүн кудайга карата айткан көз караштарын катуу сынга алат. Жөөттөр кудайга инсандык сыпаттарды ыйгаруу менен Узайр пайгамбарды кудайдын уулу деп айтышын тавхид ишениминин чегинен чыккандык деп белгилейт. Ошондой эле жөөттөрдүн Муса пайгамбар менен болгон окуясынан кеп кылып, Муса пайгамбарга «Кудайды көрмөйүнчө ишенбейбиз» деп айтуу аркылуу катуу каршылык көрсөткөн жөөт элин сынга алат.

[48] Öztürk, 50.
[49] Mâtürîdî, *Kitâbü't-Tevhîd*, 335.
[50] Mâtürîdî, *Kitâbü't-Tevhîd*, 325.

Матуриди жөөттөр менен христиандардын чыныгы тавхид ишенимин бузган дин аалымдарына карата өз көз караштарын Куран аяттарына таянуу аркылуу билдирет.

Матуриди жогоруда келтирилген мисалдардын соңунда христиандардын үч кудай ишеними толугу менен акыл жана логиканын тышында калгандыгын айтат. Исанын бир эле учурда кудай, ошол эле учурда уулу болушу акылга сыйбагандыгына токтолот. Матуриди бул нерсени сынга алып, жогоруда келтирилген мисалдар менен кошо бир нече мисалга дагы токтолот.

Матуриди Ахли китепке кирген Жөөттөр менен Христиандардын ишеним негиздери боюнча маанилүү бир маселеге токтолот. Анын көз карашы боюнча ахли китеп өзүңүн ичинде бир нече топко бөлүнөт. Алардын бир бөлүгү азирети Мухаммад пайгамбарыбызга келген аят жана далилдерди кабыл кылса, бир тобу да ар кандай саясий жана социалдык себептерге байланышкан текеберликтеринен улам кабыл алышкан эмес. Аларды Матуриди «текебер коому» деп атайт.

Жогоруда айтылгандарга караганда матуриди бир нече маселеде сынга алган агымдар, жалпысынан сабатсыздыктын же билбегендиктин айынан эмес, текеберликтин айынан акыйкат нерсени четке кагышкан. Матуриди өзүнүн эмгектеринде мына ошолорду сынга алган. Натыйжада Имам Матуриди христиандар менен жөөттөргө сын пикир айтууда өзүнчө китеп жазбаса да, өзүнүн эмгектеринде кез – кези менен мындай сындоолорго токтолгон.

## Колдонулган адабияттар

Fatih Küçük, *İmam Matüridinin Kitabü't-Tevhid Adlı Eserindeki İtikadi Ayetlerin Yorumu,* Yüksek Lisans Tezi,Sivas, Haziran 2011.
Kenan Gilgil, *İmam Maturidi Ve Nübüvvet Anlayışı*, Yüksek Lisans Tezi, Elaziğ 2008.
Maturidi, *Kitabut –Tevhid*, (trc. Bekir Topaloğlu) İSAM Yay.,İstambul 2014.
Mâtürîdî, *Ebû Mansûr Muhammed b. Mahmûd es-Semerkandî***,** *Te'vîlâtü'l-Kur'ân,* (thk. Bekir Topaloğlu ve diğerleri), Mizan Yayınevi, İstanbul, 2005,III.
Necmettin Öztürk, *Mâtürîdî'nin Kelam Sisteminde Ehl-İ Kitap Anlayışı,* Yüksek Lisans Tezi İstanbul, 2010.
Ruhi Fığlalı, *Çağımızda İtikadi İslam Mezhepleri*, Selçuk Yay., İstambul 1995.
Salime Leyla Gürkan, *Matüridi'nin Kitabü't-Tevhid'inde Hiristiyanlik ve Teslis Eleştirisi*, Büyük Türk Bilgini Imam Matüridi ve Matüridilik Milletlerarası Tartışmalı İlmi Toplantısında sunulan tebliği, 22 - 24 Mayıs 2009 İstanbul.
Абу Давуд, Жихад – 33.
Инжил
Кураны Карим
Тоорат